**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын август айындагы №10 жыйынында карала турган «ОшМУнун 2020-2021-окуу жылынын Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндөгү» №1 маселесине ылайык Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетин текшерүү боюнча комиссиянын бүтүмү**

**Текшерүүнүн максаты:** ОшМУнун структураларында 2020-2021-окуу жылында Окумуштуулар кеңешинин чечимдеринин аткарылыш абалын анализдөө.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (*2020-жыл, 30-ноябрь, №2 протокол*) **"ОшМУда 2019-2020-окуу жылынын окуу иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер, андан ары өркүндөтүү боюнча чаралары"** деп аталган *№1-маселе* боюнча кабыл алынган чечимдердин аткарылышына анализ:

| № | Чечимдер | Чечимдердин аткарылышы | Чечимдин аткарылышынын мөөнөтү, протоколунун номери | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Дүйнөдөгү түзүлгөн пандемия кырдаалында билим берүүдөгү өзгөрүүлөрдү жана жаңы чакырыктарды эске алуу менен бардык структуралык түзүмдөрдө онлайн сабактардын сапатын камсыздоочу шарттарды, механизмдерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу улантылсын | ОшМУнун Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультети пандемия кырдаалында факультеттин окуу процессин 2019-2020-окуу жылынын 16-мартынан тартып талаптарга ылайык аралыктан окутуу форматына өтүү үчүн керектелүүчү шарттарды түздү.<br>Деканат тараптан дистанттык окутуу боюнча бир нече семинарлар уюштурулду. Андан сырткары факультеттин ПО курамы ОшМУнун эл аралык департаменти, илим жана аспирантура бөлүмү ж.б. структуралар тарабынан уюштурулган эл аралык онлайн семинарларга катышты. Эразмус+ тарабынан уюштурулган эл аралык конференцияда Европадагы университеттердин профессорлору тайжрыйбалары менен алмашышты.<br>COVID 19 вирусун алдын алуу максатында ПО курам жана студенттер үчүн факультеттин сайтында пайдалуу маалыматка шилтемелер келтирилген. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №20-22, 24, 28-29 протоколдору (2019-2020-окуу жылы)<br>http://www.fwlc.oshsu.kg/pages/page/708<br>https://www.instagram.com/p/B91x9EiHwGa/<br>https://www.instagram.com/p/CAZdi6HntHO/<br>https://www.instagram.com/p/CBsZ1z1HrX6/ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 2020-2021-окуу жылынын башталышынан тартып талаптарга ылайык окуу процесси онлайн форматында уюштурулган.<br>Факультеттин окуу корпусунда министрликтин буйругуна ылайык нөөмөт уюштурулган. | | |
| 3. | Административдик-башкаруу персоналдары жана жетекчилик тарабынан университеттин адам ресурстарын, билим берүү чөйрөсүн, окуу жайдын башкаруунун маалыматтык системасын, методикалык базасын талапка ылайык пландоо иштери күчөтүлсүн жана билим берүү процессин уюштуруу, профессордук-окутуучулук курамга, кызматкерлерге жана студенттерге багыт берүү, финансылык каржылоо, мониторингдөө жана баалоо процесстерин уюштуруу иш-чаралары үзгүлтүксүз аткарылсын | Факультеттин администрациясы тарабынан билим берүү процессин жакшыртуу максатында үзгүлтүксүз иш-чаралар жүргүзүлүп жатты.<br>Онлайн форматында уюштурулган конок лекторлор менен жолугушууда ДТжМФнын ПО курамы методикалык базаны замандын талаптарына ылайык жакшыртуу үчүн маалымат алып ажытшты<br>Студенттерге багыт берүү үчүн факультеттин ийгиликтүү бүтүрүүчүлөрү менен Zoom платформасында кызыктуу маек уюштурулган жана факультеттин социалдык баракчаларында чет өлкөдө академиялык мобилдүүлүк менен окуп жаткан студенттерибиз, ийгиликтүү бүрүүүчүлүрүбүз тууралуу бир нече посттор байма-бай жүктөлүп турат. | https://www.facebook.com/groups/170665000841275<br>https://www.instagram.com/p/CAN-vC2nvjF/<br>https://www.instagram.com/p/CFvxNZOHcxi/<br>https://www.instagram.com/p/CGP82a4nWUq/<br>https://www.instagram.com/p/CGaDhYSHWAc/ | |
| 4. | Факультеттерде жана колледждерде даярдалып жаткан билим берүү программалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен материалдык-техникалык базаны чыңдоо, окуу-имараттардын аянттарын көбөйтүү, окутуучулук- | ДТжМФнын ПО курамы тиешелүү дисциплиналарды окутуунун окуу-усулдук базасын өнүктүрүү максатында колдонмолордү, сөздүктөрдү жазууга аракеттери аз эмес.<br>Факультетте даярдалып жаткан билим берүү программалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен материалдык-техникалык базаны чыңдоо байма-бай башкы корпуска сунушталат. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №7 протоколу (30.06.2021-ж.), №7 протоколу (3.04.2021-ж.), №10 протоколу (30.06.2021-ж.) | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | профессордук курамдын сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу, окуу-адабияттар менен камсыздоо үчүн керектүү китептерди сатып алуу ж.б. лицензиялык талаптарды аткаруу иштери улантылсын | | | |
| 5. | Профессордук-окутуучулук курам үчүн салттуу жана аралыктан билим берүү, онлайн (синхрондуу жана асинхрондуу) жана аралаш окутуу формалары, билим берүү ресурстары, онлайн окутуу платформалары, студенттерди онлайн окутууга активдүү тартуу жана электрондук тапшырмаларды иштеп чыгуу усулдары боюнча тренинг-семинарлар бардык структуралык түзүмдөрдө регулярдуу түрдө өткөрүлүп туруусу улантылсын | Факультеттин профессордук-окутуучулук курамы үзгүлтүксүз квалификацияны жогорулатуу максатында өз ара семинар-тренингдерди уюштурууда. Тактап айтканда 2019-2020 жана 2020-2021-окуу жылдары билим берүү чөйрөсүндө түзүлгөн кырдаалга карабастан окутуучулар үчүн жемиштүү болду.<br>2019-жылда ДТжМФнын окутуучулары 26 эл аралык конференция жана семинарларга катышышса, 2020-жылдын эсебинен бул сан 5 оффлайн, 89 онлайн эл аралык иш-чаралар өткөрүлдү.<br>2021-жылдын январь-март, май-июнь айларында факультеттин окутуучулары үчүн администрация тарабынан квалификацияны жогорулатуу максатында курс уюштурулду. Анын жыйынтыгында 102 окутуучу ийгиликтүү аякташышты. Бул курс келээрки окуу жылында да уланмакчы. | https://www.facebook.com/groups/170665000841275<br>https://www.instagram.com/p/CITlZ2UnnN_/<br>https://www.instagram.com/p/CK36c3oH1-t/ | |
| 6. | Факультеттерде жана колледждерде студенттер жана ата-энелер үчүн онлайн (аралыктан) окутууга даярдоо, онлайн сабактын эрежелери, ата-энелердин онлайн окуудагы ролу, онлайн окуу үчүн маалымат-техникалык каражаттарды жана даярдыктарды камсыз кылуу | 2020-жылдын август айынын акыркы жумасында план боюнча 1-курска келген студенттерге онлайн адаптациялык жумалык өткөрүлгөн. Ушул жумалыктын алкагында ата-энелер менен да түшүндүрүү иштери уюштурулган. Андан сырткары кураторлор ата-энелер менен тынымсыз иш алып барат, алардан ыраазычылык билдирүү да келген. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №1 протоколу (24.08.2020-ж.)<br>https://www.instagram.com/p/B-mfF04noEo/ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ж.б. боюнча кураторлук саattарды тынымсыз уюштуруп туруу кураторлорго милдеттендирилсин | | | |
| 7. | Университетте иш кагаздарын жүгүртүүнү оптималдаштыруу, ашыкча бюрократиялык процесстерди жоюу максатында структуралык түзүмдөр аралык электрондук документ алмашууну жүзөгө ашыруу күчөтүлсүн | Факультеттин иш кагаздары университеттин талабына ылайык электрондук форматында e-doc, ftp.osu жана корпоративдик почталар аркылуу жүргүзүлүүдө. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №30 протоколу (16.06.2020-ж.) | |
| 8. | Сырттан жана дистанттык окутууда онлайн формада өтүп жаткан окуу процессинин жүрүшүн, окутуунун сапатын, студенттердин сабактарга катышуусун жогорулатуу максатында ар бир сабак берген окутуучу-профессордук курамга өз предметтери боюнча онлайн окутуу платформаларында жеке кабинеттерин ачуу жана ага видеолекцияларын, практикалык сабактарын учурдук аралык текшерүү каражаттарын өз убагында жүктөө милдеттендирилсин | Дистанттык окуу процесси 2020-жылдын март айынан тартып ишке ашууда. Бул процесстин негизги максаттары жана милдеттери ПО курамга жеткизилген, алар тиешелүү материалдырды, УМКларды өз убагында KelBil, AVN платформаларында жайгаштырышты. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №20-22, 24, 28-29 протоколдору (2019-2020-окуу жылы) | |
| 9. | Практикалардын бардык түрлөрү боюнча онлайн байланышка чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу | Билим берүү системасы 2020-жылдын март айында онлайн форматына өткөндөн баштап факультеттин жана ОшМУнун административдик кеңештеринде педагогикалык | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №24 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | менен жооптуу жетекчилер тарабынан тиешелүү мөөнөткө, практика өтөөчү жайына ылайыкташтырылып, студенттерге программадагы кесиптик компетенцияларынын, күтүлүүчү натыйжаларынын негизинде так тапшырмалары түзүлүп, аларга алдын ала тааныштыруу группасын колго алуу кафедра башчыларына милдеттендирилсин | практиканы дистанттык режиминде уюштуруу талкууланып жобо кабыл алынган. Студенттерге программадагы кесиптик компетенцияларынын, күтүлүүчү натыйжаларынын негизинде так тапшырмалары түзүлгөн жана жеткирилген. | протоколу (14.04.2021-ж.) | |
| 10. | Сабактардын сапатын жогорулатуу максатында өткөрүлгөн иш-чаралардын (студенттерден анкетирлөө, видеобайкоо, ж.б.,) жыйынтыктары боюнча иштерди күчөтүү кафедра башчыларына жана ПЦКнын төрагаларына милдеттендирилсин | Факультеттин деканат, программа жетекчилери, окумуштуулар кеңешинде карала турган маселелер боюнча түзүлгөн комиссиялар тарабынан байма-бай студенттерден анкетирлөө жүргүзүлөт. Анкетирлөөнүн жыйынтыктарынын негизинде ОКнын отурумдарында тиешелүү токтомдор кабыл алынган. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №4-7 протоколдору | |
| 11. | 2020-2021-окуу жылында көз карандысыз аккредитациядан өтө турган программаларды даярдоо декандарга жана кафедра башчыларына (программа башчыларына) жүктөлсүн, жалпы көзөмөл, тийиштүү методикалык жардамдарды көрсөтүү АББСДга жана ОИДге милдеттендирилсин | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин филологиялык билим берүү жана лингвистика багыттарындагы билим берүү программалары көз карандысыз аккредитациядан 2019-жылдын 18-20-апрель күндөрүндө комиссия тарабынан каралып, жыйынтыгында 5-жылдык мөөнөткө өткөн. | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12. | Билим берүүнү интернационалдаштыруу жана билим экспортун ишке ашыруу багытында университетте окуп жаткан чет өлкөлүк студенттерге жана өнөктөштөргө өзгөчө көңүл буруп, толеранттуу мамиледе иш алып баруу жана сапаттуу билим берүү жоопкерчиликтери факультеттердин декандарына, колледждердин директорлоруна, структура жетекчилерине жүктөлсүн | ДТжМФнын деканаты жана кафедралары тарабынан чет өлкөлүк студенттерге жана өнөктөштөргө ар дайым өзгөчө көңүл бурулуп келет. Факультет чет өлкөлүк өнөктөштөрү менен акыркы окуу жылында дистанттык форматында иш алып барууда. Америка, Европа университеттеринин профессорлору конок лектор катары ПО курам жана студенттер үчүн онлайн лекция-семинарларды өтүштү. DAAD, Эразмус+ программаларына тапшыруу тууралуу презентациялар да дистанттык форматында уюштурулду.<br>Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде "Филологиялык билим берүү" программасынын алкагында корей тили профили боюнча абитуриенттерди келишимдик негизде кабыл алуу 2021-2022-окуу жылында башталат. Бул тууралуу ОшМУнун ректору, проф. К. Кожобеков жана Түштүк Корея Республикасынын билим берүү борборунун директору Ким Дэ Гван меморандумга кол коюшту.<br>Факультеттин чет өлкөлүк студенттеринин негизги санын түзгөндөр Өзбекистандын жарандары болуп эсептелинет. Аларга жыл башында документтер боюнча жолугушуу уюштурулат жана жыл бою кураторлор чет өлкөлүк студенттер менен тыгыз иш алып барышат. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №5 протоколу (30.01.2021-ж.)<br>https://www.oshsu.kg/en/news/386<br>https://www.instagram.com/p/CH0OeXcnYnT/<br>https://www.instagram.com/p/CHb1c-pnzMQ/<br>https://www.instagram.com/p/CGP82a4nWUq/ | |
| 13. | Ош мамлекеттик университетин 2019-2024-жылдары өнүктүрүү концепциясында белгиленген багыттар боюнча көрсөткүчтөргө жетүү жана эл аралык рейтингдерге катышуу иш-аракеттери күчөтүлсүн | QS, HAAP жана башка рейтингдерге катышуу аракеттери факультеттин деканат жана жалпы ПО курамы арасында жайылтылган. Бул аракеттерди ишке ашыруу максатында сайтка, илимге чоң көңүл бурулууда. Окутуучулар арасында Web of Science, Scopus индекстелген базаларындагы илимий журналдарында илимий макалаларды публикациялоо иштери жандандырылган. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №13 протоколу (7.12.2020-ж.) | |

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (*2020-жыл, 30-ноябрь, №2 протокол*) **“ОшМУда 2019-2020-окуу жылынын социалдык жана тарбия иштеринин жыйынтыктары жана жаңы окуу жылындагы милдеттер”** деп аталган *№2-маселе* боюнча кабыл алынган чечимдердин аткарылышына анализ:

| № | Чечимдер | Чечимдердин аткарылышы | Чечимдин аткарылышынын мөөнөтү, протоколунун номери | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Тарбиялык жана маданий иш-чаралардын белгилүү эмес мөөнөткө чейин он-лайн форматта мазмундуу жана максаттуу уюштурулуусу декандардын, директорлордун тарбия иштери боюнча орун басарларына, жаштар комитетинин төрагаларына жана кураторлорго милдеттендирилсин | Факультеттин тарбиялык жана маданий иш-чаралары окуу процессине ылайык дистанттык режимде уюштурулду. Тактап айтканда, 1-сентябрь билим байрамы, 17-ноябрь эл аралык студенттер күнү ж.б. Уштурулган иш-чаралар боюнча маалымат факультеттин социалдык баракчалараында чагылдырылган. | https://www.instagram.com/p/CEivGWPHVlF/ https://www.facebook.com/photo?fbid=1315421658801757&set=pcb.293358075238633 | |
| 3. | Студенттердин жана университеттин жалпы жамаатынын арасында Covid-19 вирусун шарттаган оорулардын алдын алуу, жайылуусуна жол бербөө, реабилитациялык чараларды көрүү жолдору боюнча түшүндүрүү иштери күчөтүлсүн | Билим берүү министрликтин буйругуна ылайык студенттердин жана университеттин жалпы жамаатынын арасында Covid-19 вирусун шарттаган оорулардын алдын алуу максатында окуу жана тарбиялык иш аракеттери толугу менен дистанттык режиминде өттү. Факультеттин сайтында, социалдык баракчаларында тынымсыз Covid-19 вирусун алдын алуу тууралуу маалымат, видео роликтер жүктөлүп турду. Ошондой эле факультеттин окуу корпусунда нөөмөт уюштурулду. | http://www.fwlc.oshsu.kg/pages/page/708 https://www.instagram.com/p/B91x9EiHwGa/ https://www.instagram.com/p/CAZdi6HntHO/ https://www.instagram.com/p/CBsZ1z1HrX6/ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. | Студенттердин сабактан тышкаркы убакытты рационалдуу пайдалануу менен өсүп-өнүгүүсүнө, инсандык баалуулуктардын туура калыптануусуна шарт түзүү максатында он-лайн форматта ийримдерди, студенттик клубдарды уюштуруу колго алынсын | Факультеттин студенттери сабактан тышкаркы убактысын рационалдуу пайдалануу максатында түрдүү иш-чаралар уюштурулган. Санарип этикасы, брейн-ринг ж.б.у.с. Андан сырткары, факультеттин студенттери университет тарабынан өткөзүлгөн онлайн иш-аракеттерге активдүү катышышты. | https://www.facebook.com/100010018064078/videos/1327782347565688 https://www.instagram.com/p/CIIM2IEHwuq/ | |

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (*2020-жыл, 22-декабрь, №3 протокол*) **“2020-2021-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, перспективалары”** деп аталган *№1-маселе* боюнча кабыл алынган чечимдердин аткарылышына анализ:

| **№** | **Чечимдер** | **Чечимдердин аткарылышы** | **Чечимдин аткарылышынын мөөнөтү, протоколунун номери** | **Эскертүү** |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрү ОшМУга экскурсияга келген учурда факультеттердин, колледждердин, бөлүмдөрдүн жетекчилери тарабынан уюштуруу иштерине жогорку деңгээлде көңүл бурулсун | ДТжМФде профориентация жакшы нукка түшкөн. Бул окуу жылынын өзгөчөлүгүн эске алып иш-чаралар онлайн уюштурулду. ОшМУнун ачык эшиктер күнүнө карата факультеттин окутуучулары бөлүнгөн мектептерге барып факультеттин билим берүү программалары жөнүндө кеңири маалымат беришти. | | |
| 3. | ОшМУнун сайтындагы адистик/багыттар боюнча маалыматтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен факультеттер | Факультеттин сайтындагы багыттар боюнча маалыматтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен толукталып, жаңыланды. Аталган маселе факультеттин админ кеңешинде кеңири каралган. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №4 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | (коллеждер) тарабынан толукталып, жаңылансын | | протоколу (28.12.2020-ж.) | |
| 4. | Абитуриенттерге кол телефон аркылуу университеттин сайтынан адистиктер боюнча керектүү маалыматтарды алуу, суроолорун калтыруу, катталуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүү каралсын | Факультеттин сайтында абитуриенттер үчүн контакттар берилген. | http://www.fwlc.oshsu.kg/pages/page/3669 | |
| 5. | 2021-2022-окуу жылына жаңы эксперименталдык билим берүү программаларын ишке ашыруу менен эмгек рыногуна жана мезгилдин талабына жооп берген адистиктерди ачуу факультеттерге милдеттендирилси | 2021-2022-окуу жылына жаңы эксперименталдык билим берүү программаларын ишке ашыруу максатында Түштүк Корея Республикасынын билим берүү борборунун директору менен ОшМУнун ректору корей тили профили боюнча абитуриенттерди келишимдик негизинде кабыл алуу максатында меморандумга кол коюшту. | https://www.oshsu.kg/en/news/386 | |
| 6. | 2020-2021 окуу жылында тапшыргандардын санынын көп болуусу күтүлгөн багыттардын/адистиктердин лицензияларындагы студенттердин чектик санын көбөйтүү ОшМУнун окуу-информациялык департаменти менен биргеликте декандарга, директорлорго милдеттендирилсин | Факультеттин филологиялык билим берүү программасына кабыл алуу көп болгондугуна байланыштуу лицензиядагы студенттердин чектик санын көбөйтүү максатында керектелүүчү документтер 2020-жылдын январь-февраль айларында тапшырылган. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №4 протоколу (22.02.2020-ж.) | |
| 7. | Факультеттер, коллеждер тарабынан окуу жылы ичинде чет өлкөдө окуп келген студенттер, стипендианттар, | Өлкөдө жаралган санитардык-эпидемиологиялык шартка байланыштуу бир нече иш-чаралар онлайн режиминде уюштурулду. Факультеттин сыймыктуу бүтүрүүчүлөрү жана чет өлкөдө окуп келген | https://www.instagram.com/p/CA-RIuNnk4h/ https://www.instagram.com/p/CAQr17Xn_3z/ | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | мыкты спортсмендер, чыгармачыл өнөрпоздор менен айыл жергесиндеги мектеп окуучуларынын жолугушууларын, тренингдерди өткөрүү аркылуу кесипке багыттоо иштери күчөтүлсүн | студенттерибиздин катышуусунда жалпы студенттерге, ата-энелерге, абитуриенттерге жана кызыкдар тараптарга онлайн ачык эшиктер күнү, конференциялар уюштурулган. | https://www.instagram.com/p/CAN-vC2nvjF/ | |
| 8. | 2020-2021-окуу жылында бардык факультеттерде жана коллеждерде англис тилинде окутуучу тайпаларды ачуу иши алып барылсын | -------- | | |
| 9. | 2021-2022-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алууда онлайн жана санариптик технологияларды пайдаланууну өнүктүрүү кабыл алуу комиссиясы тарабынан колго алынсын | -------- | | |

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (*2020-жыл, 22-декабрь, №3 протокол*) **"Окутуунун түрдүү формаларында электрондук билим берүү чөйрөсүнүн уюштурулушу, абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары"** деп аталган *№2-маселе* боюнча кабыл алынган чечимдердин аткарылышына анализ:

| № | Чечимдер | Чечимдердин аткарылышы | Чечимдин аткарылышынын мөөнөтү, протоколунун номери | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Бардык структураларда электрондук билим берүү боюнча өзүнчө | Факультеттин электрондук билим берүү боюнча перспективдүү планы окумуштуулар кеңешинин №5 отурумунда талкууланган жана бекитилген. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | перспективдүү пландар түзүлсүн | | кеңешинин №5 протоколу (30.01.2021-ж.) | |
| 3. | Факультеттерде, коллеждерде, гимназияларда комиссия тарабынан аныкталган кемчиликтерди аныктоо жана аларды жоюу иштери улантылсын | Факультеттин бакалавриат жана магистратура билим берүү программалрынын окуу-усулдук иштеринин абалы жыл сайын окумуштуулар кеңешинин жыйынында комиссия тарабынан каралат жана керектелүүчү чечимдер кабыл алынат | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №6-9 протоколдору (27.02.2021-ж. 03.04.2021-ж. 30.03.2021-ж. 12.06.2021-ж.) | |
| 4. | Ар бир окутуучунун функционалдык кызматтык милдетин так аткаруусун такай кылуу кафедра башчыларына жана факультеттердин декандарына жана колледждердин директорлуна милдеттендирилсин | Ар бир окутуучунун функционалдык кызматтык милдетин так аткаруусу деканат, кафедра башчы, программа жетекчилери тарабынан үзгүлтүксүз текшерилип турду. Андан сырткары ОИД тарабынан инспектор шилтемелер аркылуу онлайн сабактарга катышты.<br>Индивидуалдык иш планга ылайык ар бир семестрдин жыйынтыгында | | |
| 5. | Факультеттерде, коллеждерде, гимназияларда электрондук билим берүүнү өркүндөтүү боюнча семинарлар, квалификацияны жогорулатуу иштери күчөтүлсүн | Факультетте 2020-жылдын март айынан тартып декан С. Калыгулова санариптик сабаттуулук боюнча бир нече семинарларды уюштурган, алынган маалымат ПО курам арасында жайылтылган. Андан сырткары К. Жолдошали уулу, Б. Зупушев агайлар кафедралардын мүчөлөрүнө онлайн окутуу платформалары боюнча семинарларды уюштурушту | https://www.instagram.com/p/B91x9EiHwGa/ | |
| 6. | Студенттер жана ата-энелер менен электрондук билим берүү каражаттарын | ОшМУнун жана факультеттин адаптациялык жумалыгынын алкагында жана андан сырткары кураторлор тарабынан студенттер жана ата-энелер | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | камсыздоо боюнча түшүндүрүү иш чараларын жүргүзүү декандарга жана колледждердин директорлоруна милдеттендирилсин | үчүн электрондук билим берүү каражаттарын камсыздоо боюнча түшүндүрүү иш чараларын жүргүзүлдү | | |
| 7. | ОшМУнун күндүзгү окуу бөлүмдөрүнүн 1-курстарынын бардык адистиктеринде **«Электрондук (дистанттык) окутуунун негиздери»** аттуу дисциплинаны окутуу сунушталсын (*сырттан окуу формасында «Дистанттык окутуунун негиздери» деген дисциплина бар*) | 2020-жылдын март айында жаралган кырдаалдан улам факультеттин 2020-20221-окуу жылына карата даярдыктар толугу менен колго алынып ОМК, силлабустар жаңыланган. Өзгөчө филолоиялык билим берүү программасынын профессионалдык дисциплиналарынын ОМКларына дистанттык окутуу модулдары киргизилген. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №30 протоколу (19.06.2021-ж.) | |

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (*2020-жыл, 28-декабрь, №4 протокол*) **“Аймактарды өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылында университетте аткарылган иш-чаралар жана 2020-жылда КРдин Президенти жарыялаган иш пландын аткарылышы жөнүндө”** деп аталган *№1-маселе* боюнча кабыл алынган чечимдердин аткарылышына анализ:

| № | Чечимдер | Чечимдердин аткарылышы | Чечимдин аткарылышынын мөөнөтү, протоколунун номери | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Региондордогу көйгөйлөр менен жакындан таанышып, аны чечүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу тиешелүү факультеттерге жана кафедраларга жүктөлсүн | Факультеттин филологиялык билим берүү программасында иштеп жаткан окутуучулары Lingua Innovative Education Foundation, KGTESOL долбоорлорун ишке ашыруу максатында Ош, Жалал-Абад жана | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Баткен облустарыннын алыскы аймактарында жайгашкан орто мектептер менен тыгыз байланышта. Региондордун мектептеринин мугалимдери үчүн методикалык жактан семинарларды үзгүлтүксүз уюштуруп жатышты. Кыргызстандын орто билим берүү мекемелеринде англис тили сабагы боюнча окуу китептери жаңыланганга байланыштуу бул семинарлар абдан пайдалуу болду. | | |
| 3. | ОшМУнун жана башка структуралардын сайттары учурдагы заман талаптарына жараша өркүндөтүлсүн жана сайтка чыккан маалыматтардын тактыгы, тууралыгы, сабаттуулугу катуу көзөмөлдөнсүн (декандар/директорлор жана структура жетекчилери) | Факультеттин сайтындагы багыттар боюнча маалыматтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен толукталып, жаңыланды. Аталган маселе факультеттин административдик жана окумуштуулар кеңештеринде кеңири каралган. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №4 протоколу (28.12.2020-ж.) | |
| 4. | ОшМУнун сайтына чыккан маалыматтардын көп тилдүүлүгүн көзөмөлдөө үчүн редактор дайындоо сунушталсын (декандар/директорлор жана структура жетекчилери) | Факультеттин сайтында маалымат үч тилинде берилет, ага тийиштүү кызматкерлер жооптуу. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №12 протоколу (27.11.2020-ж.) | |
| 5. | 2020-жылы пандемияга байланыштуу сатылып алынбай калган оргтехникалар абал оңолсо тез арада тендерден өткөрүлүп сатылып алынсын жана аны көзөмөлдө информациялык технологиялар жана компьютерлерди техникалык тейлөө департаментинин директору А.Ч. Омаралиевге жүктөлсүн | | | Инф. Техн. жана техн-к тейлөө департ. (жет. А.Омаралиев) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6. | Интернеттин ылдамдыгын 1 Гбит/секунддан 10 Гбит/секундага жогорулатуу үчүн жабдыктарды алуу каралсын | | | Инф. Техн. жана техн-к тейлөө департ. (жет. А.Омаралиев) |
| 7. | Дата-Центрдин физикалык коопсуздугун сактоо, №001/НПА 25.02.2020 буйрукту аткаруу (талапка ылайык корпус) максатында коопсуз жерге көчүрүү сунушталсын | | | Инф. Техн. жана техн-к тейлөө департ. (жет. А.Омаралиев) |
| 8. | Факультеттер жана колледждер өздөрүнүн адистиктеринин өзгөчөлүктөрүнө жараша тиешелүү оргтехникаларга жана программалык продукттарга буйрутмаларды даярдап берүү сунушталсын | Факультет тиешелүү оргтехникаларга жана программалык продукттарга буйрутмаларды байма-бай сунуштайт. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №21 протоколу (23.04.2021-ж.) | |
| 9. | Чет элдиктерди он-лайн кабыл алуу үчүн колдонулган программаны өркүндөтүп мындан ары дагы колдонуу күчөтүлсүн | -------- | | |
| 10. | “Түндүк” аркылуу маалымат алмашуу үчүн башка мамлекеттик органдар менен келишимдерди түзүү күчөтүлсүн | -------- | | |
| 11. | Билим берүүнү башкаруунун маалымат системасынын базасын толтуруу күчөтүлсүн | Факультеттин окутуучулары университеттин администрациясынын талаптарын толук аткарууда. ПО курам электрондук өздүк баракчаларын толугу менен толтурушту. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №28 протоколу (5.06.2021-ж.) | |
| 12. | Он-лайн сабак окутуудан алынган тажрыйбаларды дистанттык технологияларды колдонуу менен | ------- | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | сырткы бөлүмгө кеңири жайылтуу күчөтүлсүн (декандар/директорлор) | | | |
| 13. | Электрондук документ жүгүртүү (ЭДЖ) аркылуу бардык мүмкүн болгон документтерди электрондук айлантууга киргизүү сунушталсын | Бардык мүмкүн болгон документтер электрондук документ жүгүртүү аркылуу электрондук айлантууга киргизилген. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №30 протоколу (16.06.2020-ж.) | |

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (*2020-жыл, 28-декабрь, №4 протокол*) **“2020-2021-окуу жылында кыргыз-европа факультетинин окуу процессин уюштурууда окуу-усулдук жана илимий-изилдөө иштеринин абалы жана көз карандысыз аккредитацияга даярдыгы жөнүндөгү”** деп аталган *№2-маселе* боюнча кабыл алынган чечимдердин аткарылышына анализ:

| **№** | **Чечимдер** | **Чечимдердин аткарылышы** | **Чечимдин аткарылышынын мөөнөтү, протоколунун номери** | **Эскертүү** |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Деканаттын жана кафедралардын номенклатурасы азыркы талапка ылайык толукталып түзүлсүн | | | Бул №2 маселе боюнча Кыргыз-Европа факультети гана жооп жазат |
| 3. | Кафедралардын жылдык жана перспективалык иш пландары “ОшМУнун 2019-2024-жж. өнүктүрүү концепциясында” белгиленген багыттарга ылайыкталып, толукталып иштелип чыгып деканга жана кафедра башчыларына милдеттендирилсин | | | |
| 4. | Факультеттин профессордук-окутуучулук жана студенттик курамынын тышкы мобилдүүлүккө жана | ДТжМФнин профессордук-окутуучулук жана студенттик курамынын тышкы мобилдүүлүккө жана эл аралык долбоорлорго тартылуусун активтештирүү | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | эл аралык долбоорлорго тартылуусун активтештирүү колго алынсын (эл аралык байланыштар департаменти) | колго алынуусу окумуштуулар кеңешинин жыйнында талкууланып тиешелүү токтом кабыл алынган. | окумуштуулар кеңешинин №5 протоколу (30.01.2021-ж.) | |
| 5. | Факультеттеги бардык билим берүү программаларынын НББПнын максатын, окутуунун натыйжаларын, баалоо каражаттарынын фондун (БКФ) көз карандысыз аккредитациянын талаптарына ылайык толуктоо жана кайрадан түзүп чыгуу программа жетекчилерине милдеттендирилсин | Факультеттин программа жетекчилери билим берүү программаларынын НББПнын максатын, окутуунун натыйжаларын, баалоо каражаттарынын фондун талаптарга ылайык толукташкан жана жаңылашкан. Бул маселе 2019-2020, 2020-2021-окуу жылдарынын административдик кеңештеринде бир нече жолу каралып тапшырмалар берилген жана иштер аткарылган. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №6-7,9 протоколдору (27.02.2021-ж. 03.04.2021-ж. 12.06.2021-ж.) | |
| 6. | Аккредитациядан өтүүчү программалардын аккредитациялык агенттиктердин критерийлери жана стандарттары боюнча иш жүргүзүүсү программа жетекчилери тарабынан күчөтүлсүн (аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаменти) | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин филологиялык билим берүү жана лингвистика багыттарындагы билим берүү программалары көз карандысыз аккредитациядан 2019-жылдын 18-20-апрель күндөрүндө комиссия тарабынан каралып, жыйынтыгында 5-жылдык мөөнөткө өткөн. | | |
| 7. | Факультеттин расмий сайтындагы жайгашкан маалыматтардын мазмунунун жаңылануусу жана окуу процессинин тиешелүү контент менен үзгүлтүксүз толукталып туруусу деканга, кафедра башчыларына жана структура жетекчилерине милдеттирилсин | Факультеттин сайтындагы багыттар боюнча маалыматтар окутуунун натыйжаларын көрсөтүү менен толукталып, жаңыланды. Аталган маселе факультеттин админ жана окумуштуулар кеңештеринде кеңири каралган. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №12 протоколу 27.11.2020-ж. | |
| 8. | Илимий-изилдөө иштеринин сапатын жогорулатуу максатында, публикацияларды Scopus, Web of Sceince индекстелген базаларындагы илимий журналдарга жарыялоону | Факультеттин ПО курамынын публикациялары Scopus, Web of Sceince индекстелген базаларындагы илимий журналдарга жарыялоону күчөтүүдө жана илимий-изилдөө иштерине болгон аракеттер жандандырууда. Бул маселе факультеттин | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окумуштуулар кеңешинин №3 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | күчөтүү жана илимий-изилдөөлөр үчүн гранттарды алуучу долбоорлорго катышуу колго алынсын | административдик кеңешинде, кафедралардын отурумдарында каралган. | протокол (5.12. 2020-ж.) | |

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (*2021-жыл, 26-февраль, №5 протокол*) **“Көз карандысыз аккредитациядан өтө турган билим берүү программаларды өздүк баалоодон өткөрүүнүн жыйынтыктары жөнүндө”** деп аталган *№1-маселе* боюнча кабыл алынган чечимдердин аткарылышына анализ:

| № | Чечимдер | Чечимдердин аткарылышы | Чечимдин аткарылышынын мөөнөтү, протоколунун номери | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 2. | Өздүк баалоо боюнча бардык программалардын отчетторунун мазмунун жана сапатын жакшыртуу максатында, тиешелүү аккредитациялык агенттиктердин талаптарына жараша ондоо-түзөтүү иштери жүргүзүлсүн жана өздүк баалоо отчетторуна окутуучу-профессордук курамды толук тартуу менен мониторинг, анализ жүргүзүү аркылуу даярдалган отчеттун сигналдык вариантын ички экспертизадан өткөрүү программалардын жетекчилерине, жумушчу топторуна милдеттендирилсин | | | №1-маселе боюнча жакында аккредитациядан өтө турган программалары бар факультет, колледжде р маалымат беришет |
| 3. | Текшерилген багыттардын НББПнын стратегиялык жана учурдагы өнүктүрүү иш пландарын кызыкдар тараптар, студенттер, бүтүрүүчүлөр ПО курамы менен талкуулап коюлган | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинде, 2020-жылдын 25-декабрында, Филологиялык билим берүү программасынын 4-курсунун кесиптик профилдик практикасын жыйынтыктоо конференциясында | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | милдеттердин аткаруу мөөнөттөрүн так көрсөтүү менен түзүү жана пландарды аткаруу боюнча иш-чараларды системалуу уюштуруу жагын колго алуу программалардын жетекчилерине, кафедра башчыларына милдеттендирилсин | стейкхолдерлер менен жолугушуу өткөрүлдү. Он-лайн конференцияга Ош шаарынын мектеп окутуучулары менен бирге Ала-Бука,Ноокат,Кара-Суу, Араван, Ноокен районунун, Тажик Республикасынын Тоолуу Бадахшан Автономиялык облусунан мектеп мугалимдери катышышты.<br>Факультеттин окутуучулары KGTESOL, ACCESS, LINGUA долбоорлорун ишке ашырууда орто мектептерде кызыкдар тараптар менен тыгыз байланышта. | | |
| 4. | Программанын максатынын жана окутуунун натыйжаларынын (ОН) формулировкасы, мазмуну, саны, компетенциялардын матрицасы кызыкдар тараптардын сунуш-пикирлерин жана рыноктун талаптарын эске алуу менен сапаттуу иштелип чыгылсын, аларды ишке ашыруу жоопкерчиликтери программа жетекчилерине, жумушчу топ мүчөлөрүнө тапшырылсын | Студенттерден жана мектеп мугалимдеринен онлайн форматында алынган сурамжылоого анализ берилип, жогорку окуу жайы менен мектептин ортосундагы карым-катнашты бекемдөө керектиги белгиленип, конференциянын резолюциясы кабыл алынды. | Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин административдик кеңешинин №10 протоколу (5.11.2020-ж.) https://www.instagram.com/p/CJdrVClnTfc/ | |
